**10- класстар үчүн А.А.А.______________________классы __**

**I чейрек . I вариант . Кыргыз адабияты**

1. Кыргыздын биринчи жазма акындары эмне жөнүндө жазышты?

а) 19-20 кылымдарда кыргыз элинин башынан өтүп жаткан окуялар

б) Улуу Ата Мекендик согуш

в) 1960-жылдардагы окуя

г) 1980-1990-жылдардагы кыргыз элинин турмушу

д) 21-кылымдагы кыргыз элинин турмушу

2. 1823-жылы Кыргызстандын түштүгүндөгү төрөлгөн акынды белгиле.

а) Нурмолдо

б) Тоголок Молдо

в)Молдо Кылыч

г) Молдо Нияз

д)Казыбек Мамбетамин уулу

3. Молдо Нияздын “ Санат дигарасттар” деген чыгармасында кайсы тарыхый каарман жөнүндө баяндалат?

а) Байтик баатыр тууралуу б) Жаңыл Мырза тууралуу

в) Курманжан датка тууралуу г) Шабдан баатыр тууралуу

4. Молдо Нияздын “Даткайым” чыгармасында эмне даңазаланат?

а) кыргыз аялынын терс сапаттары

б) кыргыз аялынын туура эмес түшүнүктөрү

в) кыргыз аялынын сулуулугун

г) жаныбарларга салыштыруулары

д) кыргыз аялынын жекече тагдырлары

5. “ Жериңи сатканың

Элиңи сатканың.

Келечегиңи атканың,” -деген нускалар кимдин калемине таандык?

а) Молдо Кылыч б) Молдо Нияз в) Тоголок Молдо г) Нурмолдо

6. Жер титирөөгө арналган алгачкы китеп болуп ч ыккан кимдин чыгармасы?

а) Молдо Кылыч “Кысаи зилзала” б) Молдо Нияз “Санаттар” в) Тоголок Молдо “Жер жанан анын балдары” г) Нурмолдо “ Наадан менен пайгамбар”

7. Совет бийлигинин учурунда Молдо Кылычтын адабий мурасынын талаш-тартышка түшүшүнүн себеби эмнеде болгон?

а)  кыргыз жерин даңктаганына  байланышту у

б)орус темасынын сүрөттөлүшүнө байланышту у

в) куштар темасына кайрылганына байланыштуу

г) жаратылыш  темасына кайрылганына байланыштуу

д) бай-манаптарды мактаганына байланыштуу

8. « Байкап туруп сөз айткан,

Жаш балдардын куулугу.

Ынтымагы келишпей,

Бир атанын уругу,» -Молдо Кылычтын кайсы чыгармасына таандык?

а) Молдо Кылыч “Кысаи зилзала”

б) Молдо Кылыч “Бүркүттүн тою”

в) Молдо Кылыч “Куштардын ангемеси”

г) Молдо Кылыч “Зар заман”

д) Молдо Кылыч “Буудайык”

9.  Молдо Кылыч “Зар заман” чыгармасында автордун негизги ою кайсы?

а)акындык чеберчилигин  ачып көрсөтүү

б) диндик түшүнүктөрдү чечмелөө

в) акындын жүрөктөн кубанычы, сүйүнүчү

г)кыргыз элинин тагдыры, эртеңкиден күткөн үмүт-тилеги

д) кыргыздын жакшы турумушун даңазалоо

10. Молдо Кылычтын “Буудайык” поэмасында негизги кайсы идея көтөрүлгөн?

а) мергенчиликке чыгуу- адамдын баюусуна себеп болушу

б) эненин сөзүн жогору баалоо- келечекке багыт алуусуна себеп болуу

в)жаратылыш мыйзамын бузуу- адам трагедиясына алып келүү

г) түштөн аян алуу- чындыктын ишке ашышы

д) мүнүшкөрлүк   сапат- адамдын баюусуна түрткү болушу

11. Молдо Кылычтын “Бүркүттүн тою” поэмасынын баалуулугу эмнеде?

а) куштардын той өткөрүлүшүнүн сүрөттөлүшү

б) бай-манаптардын той-аштарынын каймана түрдө берилиши

в) кыргыздын –салт –санааларынын  ачык-айкын сүрөттөлүшү

г) оюн-зоокторунун сүрөттөлүшү

д) кыргыз жаратылышынын жогору сүрөттөлүшү

12. Чоң атасы Музоокеден, Тыныбек манасчыдан манасчылыкты үйрөнгөн акында белгиле.

а) Нурмолдо

б) Молдо Нияз

в)Молдо Кылыч

г) Тоголок Молдо

д)Казыбек Мамбетамин уулу

13. "..........................................

Акылдуу балдар билиңдер.

Сабырымдын барынан

Санга кирдим жер болуп,

Үйүп-жыйып толтурдум,

Үстүм толгон эл болуп,"- Тоголок Молдонун кайсы чыгармасынан?

а) "Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы "

б) "Кемчонтой"

в) "Жер жана анын балдары"

г) "Кедейлерге насыят"

д) "Үрпүкан"

14. Тоголок Молдонун "Жер жана анын балдары" поэмасында негизги идея кайсы?

а) жаратылыш кубулуштарынын ортосундагу келишпес күрөштү берүү идеясы

б) жамгырдын , суунун, оттун табияттагы ордун сүрөттөө идеясы

в) табият кубулуштарынын терс жактарын берүү идеясы

г) жердин бийлигинин күчтүүлүгүн берүү идеясы

д) үй-бүлө катары ынтымакка , биримдикке чакыруу идеясы

15. Тоголок Молдонун "Эшек менен булбул" тамсилинде эшектин кандай сапаты берилет?

а) акылдуулугу

б) даанышмандыгы

в) көрөгөчтүгү

г)түшүнбөстүк

д) амалкөйлүгү

16. Тоголок Молдонун "Эшек менен булбул" тамсилинде булбулдун образы аркылуу каймана түрдө кимдин сапаты берилет?

а)  короздун

б) булбулдардын

в) куштардын

г) адамзаттын

д) замандын

17. Тоголок Молдонун “Куштардын аңгемеси” поэмасынын негизги максаты?

а) куштардын табигый ал-абалын сүрөттөө

б) куштардын бири-бирине жасаган зордук –зомбулугун ачып көрсөтүү

в) ат жарышты сүрөттөө

г) суу куштары менен боз куштарынын ортосундагы күрөштү берүү

д) бийлик талашкан элдин ортосундагы күрөштү ачып көрсөтүү

18. “.........................................

Сууну аз куйса казанга,

Тузду дагы аз салсын.

Тумшугу жок балам ,ай,

Талканды да аз чалсын,”- Тоголок Молдонун кайсы чыгармасынан?

а) “Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы “

б) “Кедейлерге насыят”

в)  “Жер жана анын балдары”

г) “Кемчонтой”

д) “Үрпүкан”

19. Тоголок Молдонун “Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы” чыгармасынын негизги максаты?

а) Көбөктүн Талым кызга ашыктыгы

б) Талым кыздын Көбөккө ашыктыгы

в) адамдын акыл-эсин даңазалоо

г) табышмактын күчүн чечмелөө

д) Талым кыздындын канкордугун, каардуулугун даназалоо

20. Тоголок Молдо “Үрпүкан” ырын жаратууда эмнеге таянып жазган?

а)  элден чогулткан маалыматына

б)  жеке турмушуна , тагдырына

в) досунун ички толгонууларына

г) ашыктык ырларга

д) кыргыз кыздарынын турмушуна

21.Осмонаалы Сыдык уулунун кыргыз аксакалдарынан, урууларынан топтоп жазган чыгармасы”

а) «Тарых кыргыз Шабдания»

б) «Кыргыз , казак элинин ынтымагы»

в) «Мухтасар тарых Кыргызия»

г) «Өмүр баяны»

д) «Шабдан казалы»

22. Осмонаалы Сыдык уулунун «Шабдан казалы» чыгармасында Шабдан баатырдын кандай сапаттары көрсөтүлөт?

а) каардуулугу

б) караңгылыгы

в) адамдык жакшы касиети

г) наадандыгы

д) өзүмчүлдүгү

23. Кыргыз элинин диний ишенимдери, уурулук түзүлүшү, жылдыздар, планеталар жөнүндө кеңири маалымат кимдин чыгармасында кездешет?

а) Тоголок Молдо “Жер жана анын балдары” тамсили

б) Осмонаалы Сыдык уулу «Шабдан казалы»

в) Молдо Нияз “ Санат дигарасттар”

г) Молдо Кылыч “Зар заман”

д) Белек Солтоноев « Кызыл кыргыз тарыхы»

24. Казыбек Мамбетаминдин түрмөгө айдалышына эмне себеп болгон?

а) совет бийлигине каршы чыгып ырдагандыктан

б) ата-энеси бай болгондуктан, тап катары жоюуда

в) туулган жердин жаратылышын даңктап ырдагандан улам

г) жазгыч акын болгондуктан

д) диндик маанайдагы ырларды жараткандан улам

25. Казыбек Мамбетаминдин ырларында кандай мотивдер басымдуулук кылган?

а) аялдардын сулуулугу

б) керемет жашоо

в) кубаныч, сүйүнүч

г) сүйүү

д) кайгы, арман